**Мугалимдердин сыйлык алуусу боюнча маалымат**

Жылдык пландын негизинде аткарылган иштердин, райондук, билим берүү берүү башкармалыгынын жана министрликтин ар багыттагы уюштурган сынактарына катышуунун жыйынтыктарын эске алуу менен бирге, татыктуу мугалимдерди алгач усулдук бирикмелер ичинде карап, андан соң педагогикалык кеңешмеде сунушталат. Жасаган аракеттери, жыйынтыгы, ишмердүүлүгү, чыгармачылдыгы, изденүүчүлүгү, долбоорлордо иштей билүү жөндөмдүүлүктөрү, жетектеген классы, жыйынтыктарынын баарын эске алуу менен бирге сыйлыктарга көрсөтүлүп, тиешелүү кагаздары даярдалат, ошондой эле мектеп ичинде атайын наамдар берилет.

Мисал: "Жылдын мыкты жаш мугалими", "Мыкты класс жетекчи", "Кесипкөй мугалим", "Мыкты насаатчы", "Жылдын мыкты усулдук бирикмеси" наамдары берилип, кызыктыруучу сыйлыктар, ата-энелер коомдук бирикмеси тарабынан Алматы шаарына 17 мугалимге "саякат баракчасы", Ыссык-Көлгө 15 мугалимге эс алуу үчүн акча каражаты берилди, ошондой эле кесиптик бирлик тарабынан мөөнөтүнөн мурда эс алууга барып келүү чечимдери каралып турат.

Жогорку сыйлыктарга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Сыйлыктарды берүү жобосуна ылайык тиешелүү кагаздары жасалып, алгач райондук билим берүү борборуна, андан соң БББнан өтүп, министрликке тапшырылат.

Бүгүнкү күндө 154 мугалимдин ичинен төмөндөгүдөй сыйлыктарга татыктуу мугалимдерибиз бар.

Билим берүүнүн мыктысы-28

Министрдин грамотасы-36

БББнын грамотасы-38

Мамлекеттик тилдин төш белгиси-5

Мамлекеттик тилдин грамотасы-6

Ч.Айтматовдун грамотасы-5

Райондук администрациянын-21

Райондун грамотасы-33

Айыл аймагынын грамотасы-17

Мектептин грамотасы-26

Кесиптик бирликтин грамотасы-11

Сканировано с CamScanner




**ОТИ боюнча директордун орун басары:** **Кулманова Б.А.**

Сканировано с CamScanner